Отдел рукописей
№ 253
1979 г.
21 стр.
... ССР гор. Фрунзе

1425

# Папка для бумаг

Запись эпоса „Манас"
в Узгенском и Куршабском
р-х Ошской области.

Сдано 1952 г.
Нач. 1952 г.

# Манас айтуучунун
# өмүр баяны.

Бул Манасчы — Шадыканов Акын 1901-ж. Ош областы Өзгөн районуна караштуу Ана-Кызыл айлында кембагалдын үй бүлөсүнөн туулат. (~~[illegible]~~ Акындын) атасы да көпкө малай жүрөт. Акындын жаш кезинде энеси өлүп калып, атасы экөө байга чайрекер болуп иштеп күн өткөрөт. Атасы жомокчу болот. Ошону м-н катар Манас эпосун да жомок кылып айта баштайт. Акын жаш кезинен иштеп, иштеп жүргөн жеринде атасынан түрдүү жомоктарду, Ошону менен Манас жомогун үйрөнөт. Атасы-Шадыкан Манасты төрт бөлүк болуп жомок айткан экен.

Кийин ~~[illegible]~~ Акындын таланты өсүп ырга чыктуу болот. Акын ырга чыктуу болуп, талантынын күчтүүлүгүнөн Манасты ыр менен айта баштайт.

Совет доору чыккандан кийин Акын чала-сабаттар мектебинде окуп, өз сабатын жоюуда Кыргызстандын түштүк элдеринин Манас жомогунан таалим алып, аны шүдүнкүдөн күчтүүрөк кылып төрт бөлүмдөн ырдайт. „Манас", „Семетей" „Сейтек" жана „Кененсейт".

Бирок Акындын жомок ж. башкалардын жазган киши жок болуп, аны айылынан башка жерде билбейт.

Акын 1945-жылы өз айлынан чыгып, Тянь-Шань областына аялынын тууганадарынкына барып жүрүп, андан 1949-ж. „Сары-Суу" совхозуна келип туруп калат.

Ал жерден 1950-ж кайра өз айлына келип туруп калат.

Азыр турган жери өз айлында колхозчу.

Адреси: Ош обл. Өзгөн району. Кыргызстан сельсовети. „Кызыл-Октябрь" колхозу.

## Эскертүү.

Бул Манас эпосунун кыскача сюжетин жазууда Акындын жана жазган менин убактым аз болгондуктан өтө шашылыш түрдө кыскартылып алынды. Акындын айтуусуна караганда Манастын балалык чагы гана үч сутка ырдалат дейт.

Жазган: Оштогу мамлекеттик педагогикалык институтунун — тил адабият факультетинин 1-курсунун студенти.

Жусупбеков Орозали.

1952-жыл. Март айы.

Менин үй адресим:

Кыргыз ССР. Ош областы
Өзгөн району Төрт-Көл
Сельсовети. „Путь к коммунизму"
Колхозу. Жусупбеков О.

# Манастын туулганы жана балалык чагы.

Эң оболу Кыргызда Бөйөн кан болот, анын баласы Кара кан болгон. Кара кандын убагында калмактар кыргыздарды кууп таратып жиберет да кыргыздардын жерине - бүт Орто Азияга калмактар орношуп алат. Кыргыздар чачыранды болуп түш тарапка кетет. Ошол мезгилде Кара кандын Жакып деген баласы болуп, ал беш жүз үйлүү кыргыз менен татар менен араб кандыгынын ортосуна барып орношуп калатда, татар кандыгына кыргыздар салык берип турат. Жакыптын Чыйырды жана Бакдөөлөт деген эки аялы болот. Чыйырдыдан Манас төрөлөт. Бул баланын атын атасы — Ашыр деп, энеси Манас деп ат коёт. Бакдөөлөттөн Кобош, Абыка, Жамгырчы, Буудайчы, Апалак жана Сапалак деген алты уулу болот. Булардын баардыгы Манастан жаш болот. Булар атасынын кандыгын жакташат. Жакып кан 500 үйлүү кишиге башчы болгон. Ошол убактагы сөз боюнча Жакып кан деп аталып калган. Манас жашынан тетик болуп, атасынан өз улутун кыргыздардын кайда жүргөнүн сурап алат. Манас кыргыздарды топтоо жөнүндө ойлоно баштайт. Манастын жашы 7ге чыгып, атасы аны окутууга татар молдосуна медреседе берет. Медреседе Манас бир күн кечке окуп бир „алип" (а) тамгасын үйрөнөт. Бирок Манас эртеси башка тамга окутуусун молдодон талап кылат. Молдо Манасты урдуруп эшикке кууп чыгат. Эшикте турган балдар Манасты маскаралайт. Манас ачуусу келип, бир баланын бутун сындыра коёт. Молдо дагы урдурмакчы болгондо Манас молдонун башын кыйшайта толгоп, үйүнө барышка коркуп, окууну таштап талаага тентип качып кетет.

„Бөлбөй урдум молдону,
Боздотуп урдум коткону.
Жериңден тентип баратам,
Кайдан издеп табамын,
Калың кара кыргызды,"
Жер үстүнөн карасам" деп

кыргыздардын кайда экенин издеп жөнөйт. Үмүттүп Манас сабатсыз болуп калат. Кийими жука, кыйналып көзүнө көрүнгөндүн баарын жеп, ач болгондо 20 күн талаада тентип жүрөт. Бир күнү талаадан бир кыргыз үй көрөтда ага барат. Ал үйгө кирсе эч ким жок, кырк табак, даяр тамак турат. Андагы тамактан ичип, уктап калат. Ал үйдө кырк бала болот. Алардын баардыгы шоктугунан энесине батпай качып безип келген балдар экен. Алардын эң улуусу Бакай 12 жашта болуп, Бакай тамаша кылуу үчүн ошол жерге үй тиктирип чыкса, качкан балдар баардыгы ошол үйдү көрүп, топтошуп отуруп кыркка жеткен экен. Ар биринин аты тону бирдей кушу бар экен. Бирок баардыгы Бакайдан жаш 6-7, ага баш иет экен. Булар күч салышса да билишпейт. Балдар үйгө келсе бир жаш бала уктап жатканын көрүп олтурабыз дейт. Бирок Манасты тургузуп алып, жай сурашат. Манас болгон ишти айтат. Манастын атын Ашыр дешип, аны ат токуур, чай кайнатаар кылып алат.
Эки ай чамасы өткөндө 40 бала талаадан бир „күрөң бээ" таап келип Манаска ат кылып берип, аны өздөрү ээрчитип турушат. Манас аларга күч салуу тартибин үйрөтөт. Манастан акыл чыгарын Бакай билип, атасынын кайда экенин сурайт. Манас келген жагын ~~сурайт~~. көрсөтөт. Балдар ошол жака жүрүп отуруп Жакыптын жылкыларын таап, андан бир ат тутуп Манаска мингизмекчи болот. Жакыптын эч туубаган бир байталы бар экен.

„Жакып кандын кула байтал,
Эч туубаган тулу байталды" кармашып Манаска

мингизип жатканда Жакып алыстан балдарды көрүп калып кууп жөнөйт.

„Мен көрдүм эле аларды,
Бул кырк кайдан чыккан каракчы,
Кармап алды байталды,
Же булар жерден чыккан шайтанбы?
Шайтан болсо дубалайм,
Каракчы болсо кубалайм.

Кыркын бирдей өлтүрөм,
Жанына каза келтирем.
Атымды алып каламын,
Актемени саламын.
— Деп ошентип сүйлөнүп,
Карылуу Жакып сүйлөнүп.

— Укуругун сүйрөтүп,
Тору айгырын күүлөнтүп.
Жакып кубалап куруп калганы,
Балдар качып жолго салганы.
Эч бирөөндө курал жок,
Балдардын ушул дымагы.

Жакып булардын ичинде Манас бар экенин билбейт да үч күн кубалап кайра кайтат. Балдар Жакыптан коркуп, Алакан чашын, өз жолдорунан адашып күнү түнү жол жүрүп Жакыптан корунбай калганына көөнү тынып, эл издеп он күнү жол жүргөндөн кийин бөлөк бир урууга келип калышат. Бул кимдин эли, кимдин жери экенин билишпей бир коногон чоң балдар аттарын чалдырып эс алып отурат. Бул кыргыздын жери экен. Бирок Чыңгыш хан кыргыздарды куун жиберип ушул жерде турган экен. Анын Алоке деген уулу кара калмактын „Нойгут-тыргоот" деген уруусуна хан болуп ушул жерде туулуп, азыр ушул жерде экен. Алокенин алты уулу болуп алар кытайда алты урууга хан экен. Алока дайыма Бежинге барып турат экен.

„Алоке деген хан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Мунун сүйлөтүп жүргөн зыны бар,
Ар корасай башында,
Аяктай болгон чыны бар.
Алоке хандын алты уулу,
Эң улуусу Эсен хан,
Андан кийин Асан хан,
Андан кийин Чыңгыш хан,
Андан кийин Ормон хан,
Андан кийин Азиз хан,
Эң кичүүсү Күн желек.
Алоке хандын алты уулу,
Бежинде алты жерде хан болгон,
Айдыңы журтка даң болгон."
 Деп айтылат.

1 Эсен хан түп Бежинде „Жайсан" деген урууга хан болот
2 Асан хан „Кпил" деген урууга хан болгон бул да бежинде.
3 Чыңгыш хан Орто Бежинде „Каканчын" деген урууга хан болгон.
4 Ормон хан „Кара калмака" хан болгон.
5 Азиз хан чет Бежинде „Сурэндик" деген урууга хан болгон.
6 Күн желек Кунжанын ар жагында калмака хан болот.

Эсен хан, Асан хан, Күн желек деген үчөөнүн бала жок болот. Чыңгыш хандын Конурбай деген баласы болот. Ормон хандан Кулдурбап деген ото сулуу ашкан ай кызы болот. Азиз хандын Алмамбет деген баласы болот. Ушул алты уулунун хандыгынын аркасында Алокенин көңүлү жай болуп, Орто-Азияга хан болуп, Бежинге каттап, мага душман чыгабы деп дөөрөп жүргөн убагы болот. Ушул мезгилде бул жерде калмактар бар экенин билбей эс алып жаткан балдарды Алоке көрүп калып булар душман, буларды кармап келүү керек деп 40 балбанын жөнөтөт.

„Алоке баатыр буулугуп,
Кырк балбанга кеп айтат.
Ойуздагы бедеге,
Адам келип калыптыр.
Ат агытып салыптыр.
Кандай акмак болду экен,
Кайсы жактан келди экен.
Бирөөнүн жерин жер дебей,
Бирөөнүн элин эл дебей,
Сураган жок жерине,
Ат агыткан эмнеси.
Аттангыла кырк балбан,
Бачым барып келгиле.
Ким экенин билгиле.
Аттангын деп айтылат.
Айтканыма көнбөсө,
Атын айдап алгыла,
Акгемени салгыла.
Эки колун байлагын,
Эки колун жайнатып,
Алып келгин айдагын.
Ал айтканга көнбөсө,
Чокуга жара чапкыла.
Эсебин анын тапкыла,
Айдап келип бергиле.
Кайсы жактан келди экен?
Мунун кабарын сурап билгиле!
Ал айтканга көнбөсө.
Бирин койбой сойгула!
Эки колун ойгула!
Балбаны чыкса ичинен.
Чокмор баш менен койгула!

Деп Алоке 40 балбанды 41 балага жөнөтөт. Балдарда курал жок. 40 балбанда курал бар. Бул балбандар 41 балага келип Алокенин айтканын айтты. Бирок бири биринин сөзүн түшүнүшпөдү. Жаңдап сүйлөшүп отуруп бири бирине түшүндүрүштү. Муну укан 40 бала кармакчы болот. Бирок Манас ага көнбөй балдарды токтот да өздөрүнө жакшы баатырларынан бирди өздөрүнө хан шайлашып, ошол эмне айтса ошону аткармакчы болушат. Манастын „Тоо боргусу" „Талаа боргусу" деп аталышынын себеби ушул болот.

## Манастын кан (башчы) болуп уруша жарап, Кошойго жана Канкожого жолукканы.

Балдар маслиат кылып отуруп, кимди башчы кылып аларын билбей турганда Манас туга калып

„Атаңдын көрү ой балдар!
Качканыңды кой балдар!
Минип турган атыңды,
Бириң алып келип сойгула.
Ошону башчы кылып коюу,
Ошонун айт дегенин айталы.
Кой дегенин коюу,
Кыл дегенин кылалы
Ошонун алдында туралы" дейт.

Бирок атын союп кан болууну жоо калабыз деп ынабайт. Бардыгы болбой койгон соң Манас мен атымды союп мага бара берип кан кылып алгыла дейт. Манас атын союп да кан болот. Кыяк балбан бул 41 баланын эмне кылып жаткандыгын түшүнбөйт. Ошондо да балдар Манасты тандаар албай Бакайга кеңеш салышат. Анчыча Манас башкара баштайт.

„Чертишмекти салбайбыз,
Балбандарча күрөшүп,
Багалектен албайбыз.
Ажал жетсе өлөлү.
Азап болсо көрөлү.
Же болбосо кыяк бала,
Уруш келген доолого,
Бир чабышып көрөлү.
Чокморду колго алышып,
Чокудан нары салышып,
Чогулуп келген калмактын,
Чоң күчтөрүн сынайлы." дейт.

Балдар буга макул болот. Бирок кыяк бала жарак жок деп тайсалдашат. Анда Манас — биз кезектешип чабышабыз өрдөөнүн чокмор башы менен — дейт. Бул бикирди калмактарга түшүндүрөт. Алар да макул болуп, кезек ошолордуку болот. Манас баш болуп 41 бала катар отуруп берди. Калмактар чоңон баштуу шак этме менен балдарды бирден чапты. Ошол убакта 41- болуп отурган Тазбайматка келтек жетпей калды. Качан урат деп карап жатып кандай урганын үйрөнүп алды. Балдардын оозунан кан келип ооруп кетишти. Чокморду кандай урушту Тазбаймат балдарга үйрөттү. Келтек жеген 40 балага кезек келди. Алар калмактарды жонго урбай мээге уруп өлтүрөт. 40 балбандын жарагын балдар алышып, Манас Бакайга учкашып алып, Алокенин жылкысынан

„Алокенин көк атын,
Эки энеге тел атын" Манас минип, окат

кылып жеш үчүн Алокенин бир үйүрүн айдап алып, Букардын „Көк таш" чекарасынан нары өтүп кетишет. Булар эмне да барбай талаада жүрө беришет. Манастын кан болгону ушул. Манастар кеткенден кийин Алоке аскер жыйып, калыңын мусулман кандарына жоноо баштайт. Бул балдар буруттардан келген окшойт. Аларды кармоо керек. Алар 40 балбанды өлтүрдү. Бурутка айткыла: Ушул 40 баланы кармап берсин, эгер кармап бербесе уруп боз аялын ачып жарып, кысыр аялдарынын башын кесип аларды кырына учуратып келгиле, эр бурудон түгүч койбогула деп аскерине чоң Букарды башчы кылып жонотту. Бул жол жүрүп бара жатып бир жерге түнөшөт. Ошондо Букардын түшүнө мусулмандарга „кут" түшөт. Ошондо ии 40 бала ушул мусулманга түшкөн кут турбайбы. Биз мусулмандарга 40 баланы кармап бер деген болбойт. Силерге кут түштү „Ошол кутту бергиле, эгер бербесеңер урушар жерге келгиле" деген дешип, алар араб элинен үч каныт Темир кан, Кара кан, Сары кан деген кандарын „кутту" бергиле деп ороп жатып алды. Ошол убакта Ат-башы деген жерде Хатакан уулу Кан Кошой деген баатыр болуп, ал качкан бозгон элдерди чогултуп, эл куран кан болуп, бүт мусулман кандарын чет душмандан коргоп турган. Ошол убакта кыргыз, казак, өзбек, араб, кашкарлардын баары мусулман деп аталат да бардыгы каканташ болот.

Катагандын кан Кошой бул кабарды угуп калат.